**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б.Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д. 07.21.628 диссертациялык кеңеши (дареги: Бишкек шаары., Чүй , 265а) Ташалиева Мукарам Мурзакуловнанын 07.00.07- Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн "Памир өрөөнүндөгү кыргыздардын үйлөнүү тою салты" (XIXк. аягы – XXк башы) деген темадагы диссертациясын алдын ала коргоо жыйынынын**

**25.04.2021-ж.** **Бишкек ш.**

## № 3 ПРОТОКОЛУ

**Отурумга кеңештин 13 мүчөсүнүн ичинен 12 киши катышты: Чоротегин Тынчтыкбек Кыдырмамбетович** – төрага, т.и.д., профессор, (07.00.07) ОНЛАЙН; **Асанканов Абылабек Асанканович** – төраганын орун басары, т.и.д., профессор (07.00.07); **Жапаров Амантур Забирдинович** – окумуштуу катчы, т.и.к., ага илимий кызматкер (07.00.07); **Батырбаева Шайыркуль Жолдошевна** – т.и.д., профессор (07.00.07); **Бикбулатова Аниса Рифовна** – т.и.д., доцент (07.00.07); **Джоошбекова Айнагул Рысбаевна** – т.и.д., доцент (07.00.07); **Каратаев Олжобай Кубатбекович** – т.и.д., профессор (07.00.07); **Таймагамбетов Жакен Кожахметович** – т.и.д., профессор (07.00.06)**Турдалиева Чолпон Жапарбековна** – т.и.д., профессор, адистиги: 07.00.07.; **Койчуманова Чолпон Урушбековна** – т.и.д., профессор (07.00.07); **Табалдиев Кубатбек Шакиевич** – т.и.к., доцент (07.00.06); **Чаргынов Темирлан Таштанбекович** – т.и.к., доцент (07.00.06).

## КҮН ТАРТИБИНДЕГИ МАСЕЛЕНИ КАРОО

**Төрага:** Урматтуу Кеңештин мүчөлөрү! Бүгүнкү жыйында диссертациялык кеңештин 13 мүчөсүнөн 12 киши катышып отурат. Кворум бар. Эксперттик комиссиянын мүчөлөрү катышып олтурушат, кеңештин жумушун баштасак болот. **Күн тартибиндеги биринчи маселе Ташалиева Мукарам Мурзакуловнанын "Памир өрөөнүндөгү кыргыздардын үйлөнүү тою салты'' (XIXк. аягы – XXк башы)"** деген темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациясын алдын ала коргоо.

Илимий жетекчиси: Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, тарых илимдеринин доктору, профессор Асанканов Абылабек Асанканович.

Диссертациялык иш Кыргыз-Өзбек университетинин тарых жана философия кафедрасында аткарылган демилгелүү иш болуп саналат.

Эксперттик комиссиянын курамы: т.и.д., профессор Каратаев Олжобай Кубатбекович, т.и.к Абдалиева Гулзада Кошоевна, т.и.к., доц Абдиева Жылдызкан Канатбековна.

Талапкердин аттестациялык делосундагы материалдары жана иш кагаздары менен тааныштыруу үчүн, сөз окумуштуу катчы, тарых илимдеринин кандидаты Жапаров Амантур Забирдиновичке берилет.

**Окумуштуу катчы А.З. Жапаров** изденүүчү Ташалиева Мукарам Мурзакуловнанын аттестациялык делосу менен тааныштырды.

**Төрага:** Сөз диссертациянын негизги жоболору менен тааныштыруу үчүн изденүүчү Ташалиева Мукарам Мурзакуловнага берилет.

**Изденүүчү, М.М. Ташалиева:** Биз изилдеген Тажикстан Республикасынын Чыгыш жагында жайгашкан Тоолуу Бадахшан автономиялуу облусунуна караштуу Мургаб районунун, Ак-Байтал ашуусу деңиз деңгээлинен 4,7 миң метрден жогору бийиктикте орун алган, географиялык шарты катаал, кыш, күз, жаз айлары кыска. Чыгыш Памирдеги Сары-Кол өрөөнүндө кылымдан бери ичкилик тобуна кирген тейит, кыдырша, кесек, найман ж.б. кыргыз элинин анча көп эмес бөлүгү жашайт. Ошону менен бирге кыргыз этносунун бул бөлүгүнүн географиялык катаал шартта жашап жана эмгектениши, демографиялык жактан өсүп-өнүгүшү сырткы дүйнө менен болгон байланышы, салттуу чарба менен руханий маданияттын сакталып келиши, алардын бүгүнкү күнгө чейин жетиши ар дайым дүйнө окумуштууларын кызыктырып келет. Кыргыз этнология илими үчүн Сары- колдук кыргыздарды изилдөө экологиялык катаал шартта өздөрүнүн чарбалык маданий өзгөчөлүктөрүн сактап жана өнүктүрүп келиши этностук өзүн-өзү таануусун, уланткандыгын аныктоого жардам берет. Обочолонуп, географиялык катаал шартта жашап, кыргыз элинин салттуу чарбасын жана маданияттын сактап келгендиктен, аларды изилдөө менен бирге жалпы эле кыргыз элинин тарыхый чарбалык маданий түрүнүн өзгөчөлүктөрүн окуп үйрөнүүгө шарт түзөт. Себеби азыркы ааламдашуу шартында Кыргызстандагы жашаган кыргыз этносунун чарбадагы жана маданиятындагы көптөгөн салттуу өзгөчөлүктөр ылдамдык менен жоголуп бара жатат. Ошондуктан мүмкүн болушунча, кыргыздардын салттуу чарбасы жана маданияты көбүрөөк сакталган аймактарды изилдеп калуу, азыркы кыргыз этнология илиминин негизги милдеттеринин бири болуп саналат.

“Сары-Кол’’ (Чыгыш Памир) өрөөнүндө жашаган кыргыздардын жашоосунда жүздөгөн жылдар бою сакталып келе жаткан салыштырмалуу өзгөчөлүктөр бар. Бул илимий изилдөө XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башындагы сары-колдук памирлик кыргыздардын үйлөнүү той үрп-адатын жана салт-санааларын тереңдетип изилдөөгө арналды.

Үйлөнүү той салтындагы үрп-адаттарды изилдөө кыргыздардын салттык турмуш-тиричилик маданиятындагы үй-бүлөлүк жана никелик мамилелердин өнүгүүсүн изилдөөдө баалуу тарыхый булак болуп берет.

Үй-бүлөдөгү көрүнүштөр салттык турмуш-тиричиликтик үрп-адаттын консервативдүү чөйрөсү болуп эсептелет. Айрым ырым-жырымдар өзгөрүп жатканына карабастан, үй-бүлөлүк салт-санаа эволюциялык жаңылануунун таасири астында ушул кезге чейин өзүнүн өзгөчөлөнгөн этностук мүнөздөрүн сактап келүүдө.

Үйлөнүү тоюна тиешелүү үрп-адаттарды изилдөө үй-бүлөлүк жана коомдук турмуш-тиричиликтин салттуу формаларында сакталып келе жаткан көп сандаган архаизмдер, калктын этностук тарыхынын өзүнчө бир жагын ачып берет. Салттуу маданий, турмуш-тиричилик кулк-мүнөзүн, социалдык-укуктук мамилелерин жана ыйман-этикалык көз карашын калыбына келтирүүгө жардам берет. Диссертациялык иш илимий изилдөөнүн негизинде этнографиялык талаа булактарына таянып, 2015-2018 аралыгында 4 жолу этнологиялык экспедиция жасап, алар менен чогуу жашап, байкоо жүргүзүп, интервью алып жазылды. Изилдөөнүн максаты XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башындагы Чыгыш Памирдеги (Сары-Кол-азыркы Мургаб өрөөнү) жашаган кыргыздардын салттуу үйлөнүү тоюн изилдөө.

Изилдөөнүн максаттына жетүү төмөндөгүдөй милдеттер коюлду жана аткарылды:

- Сары-Колдук кыргыздардын үй-бүлө курууга жана никеге турууга даярдануусун ачып көрсөтүү;
- үйлөнүү тойдун жүрүшүндөгү каада-салттарды аныктоо;
- колуктунун үйүндө өтүүчү тойдун жүрүшүн жана андагы ырым-жырымдарды көрсөтүү;
- үйлөнүү тойдо коюлуучу тамак-аштарды жана кийилүүчү кийимдерди изилдөө;

колуктунун келген жериндеги тойду жана андан кийинки жаш үй-бүлөгө тиешелүү каада-салттарды ачып көрсөтүү жана ошондой эле бул изилдөө Памир өрөөнүндөгү кыргыздардын үйлөнүү той салтын терең жана ар таптан көргөзүү үчүн, көрсөтүлгөн темадан кеңири карап, үйлөнүү тоюна чейинки кудалашуунун формаларын, тойдон кийинки ар кандай тыюуларга жана ырым-жырымдарга токтолууну туура көрдүк.

**Илимий изилдөөнүн жыйынтыгында төмөнкү жоболор коргоого сунуш кылынат:**

- Сары-Колдо жашаган кыргыздардын үй-бүлө куруу жолу бирөө гана болгон. Ал - кудалашуу жолу. Жаштардын үй-бүлө куруусунда негизги роль ата-энелерге таандык болгон жана келечектеги үй-бүлө кура турган жаш муундун өкүлдөрүнүн пикирлери, ой-максаттары кийинки орунда турган. Коомдун мүчөлөрү чарбалык турмушунда коңшулаш жайгашкан, социалдык-экономикалык абалына туура келген, коомдо алган ордуна жараша бири-биринин социалдык мамилелерин бекемдөө жана башка максаттардын негизинде ата-энелердин ортосунда кудалашуу жүрүп турган.

- Үйлөнүү тойдо кудалашуун ар түрдүү формалары болгон. Алар «белдеги кудалоо», «бешик кетти», «баш байлоо», «кудалашып коюу», «кудалашуу» деген формалары болгон. Кудалашуунун жыйынтыгында калыңдын өлчөмү, анын мал түрүндөгү түрлөрү аныкталган жана ал ата-энелердин коомдогу алган ордуна, чарбасынын абалына жараша болгон.

- Тажикистандагы памирлик кыргыздарда негизги үйлөнүү той болочок келиндин үйүндө болгон. Ал ар кандай салт-санаалар, үрп-адаттар менен коштолгон. Үйлөнүү тойдогу үрп-адаттар бекем сакталган салттарга кирген, туруктуу ар кандай ишенимдер жана аракеттер менен бекемделген. Эки жаштын баш кошкондугун расмий далилдеген нике кыздын үйүндө кыйылган жана биринчи нике түн ушул жерде болгон.

- Сары-Кол кыргыздарынын үйлөнүү тоюндагы дасторконго коюлган тамак-аштын түрлөрү жана алардын өз кезеги менен той учурунда конокторго берилиши, жаштардын жана ата-энелердин кийген кийимдеринин өзгөчөлүгү бийик тоолуу, жашоо шарты катаал көчмөн турмушка жана мал чарбасына ыңгайлашкан.

- Сары-Колдук кыргыздардын ичиндеги кудалашуунун салттуу формаларынын, каада-салттарынын, үрп-адаттарынын жана жөрөлгөлөрдүн бекем сакталып калышы алардын салыштырмалуу обочолонуп, бийик тоолуу жерде жашагандыгы, географиялык абалы, катаал шарты, курчап турган чөйрөсү, мал чарбачылыктан башка чарба жүргүзүүгө болбогондугу менен байланыштуу.

- Сары-Колдук кыргыздардын салттуу үйлөнүү тою жана андагы көп сандаган ар кандай үрп-адаттардын сакталып калышы Борбордук Азияда жашаган түрк тилдүү элдер менен тарыхый-генетикалык жана маданий жактан байланышта болгондугун далилдейт.

**Изилдөөнүн обьектиси** XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы Чыгыш Памир (Сары-Кол) өрөөнүндө жашаган кыргыздардын салттуу үйлөнүү тою болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн предметине** Сары-Колдогу кыргыздардын салттуу үйлөнүү тою жана андагы никелешүүнүн формалары, үйлөнүү тойго даярдыктар, колуктунун үйүндөгү тойдун жүрүшү, үйлөнүү тоюнда дасторконго коюлуучу тамак-аштар жана келиндин келген жериндеги той жөрөлгөлөрү жана тойдон кийинки үрп-адаттар кирет.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыктары**.

- Бийик тоолуу, географиялык абалы, жашоо шарты катаал, кыргыздардын негизги массасынан оолак жашаган жана алар менен ар тараптуу байланыштары салыштырмалуу солгун болгон Сары-Кол өрөөнүндө жашап келе жаткан кыргыздардын XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башындагы үйлөнүү тою, андагы салттары, үрп-адаттары жана жөрөлгөлөрү өзүнчө жана атайын алгачкы жолу изилденди. Эң алгач, ата-энелер өздөрүнүн уул - кыздарына жубай тандоодо белдүү үй-бүлө, белгилүү урук, тектүү жер менен туугандашууга жана өздөрүнө туура келген

социалдык катмардан куда күтүүгө аракет жасашкандыгы алгачкылардан болуп аныкталды.

- Кыз менен жигиттин ата-энелери тарабынан алдын ала түзүлгөн келишим жана макулдашуу боюнча жүргүзүлгөн кудалашуунун түрдүү формалары «белдеги кудалоо», «бешик кетти», «баш байлоо», «кудалашып коюу», «кудалашуу» ачып көрсөтүлдү. Калың бычуу, калың берүү жана аны алуу салттуу үй-бүлө курууда мыйзам ченемдүү көрүнүш болгондугу, калыңдын өлчөмү, түрлөрү жана анын аныкталышы келечектеги кудалардын социалдык-экономикалык абалына жараша болгон жана ал негизинен мал түрүндө берилгендиги ачыкталды.

- алгачкылардан болуп тойго даярдык көрүү, кудалашуунун түрлөрү кудалап коюу жана расмий кудалашуу ачып көрсөтүлдү:

- Колуктунун үйүндөгү той өткөрүү өзгөчөлүгү жана андагы «туз татым», «куржун», «тогуз табак», «кайнене чыкпас», «сырга салды», «чач сылар», «жээн табак», «кемпир өлдү» жана башка көптөгөн жөрөлгөлөрү алгачкы жолу изилденди.

- Той учурундагы салттуу оюндарды, дасторконго коюлган тамак аштын түрлөрү жана алардын өз кезеги менен конокторго берилиши, күйөө бала, колукту жана ата-энелердин кийген кийимдеринин өзгөчөлүгү бийик тоолуу, жашоо шарты катаал жана мал чарбачылык көчмөн турмушка ыңгайлашканы ачыкталды.

- Кыз тойдун аягында кыз узатуудагы ырлар (кошоктор) эл оозунан жыйналды жана аларга сереп жасалды, эң алгачкы жолу илимий айлампага киргизилди. Той аяктап калгандагы ырым-жырымдар, келиндин барган жериндеги той жана тойдон кийинки өткөрүлгөн үрп-адаттар кеңири изилдөөгө алынды.

Кыргыздардын анча көп эмес тобу салыштырмалуу обочолонгон катаал тоолуу бийик жерде жашап, негизги этностун бөлүгүнөн ажырап, көп жылдар бою өзүнчө жашоо жүргүзүүсү жана башка эл менен коңшулаш турушу, алардын чарба жүргүзүү маданиятындагы өзгөчөлүктөр көбүрөөк сактала тургандыгы далилденди.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы:** Илимий иш эң алгачкылардан болуп, жеке этнологиялык талаа экспедициялык материалдарынын негизинде, 2015-2018-жылдар аралыгында Памир (Сары-Кол) кыргыздарынын арасында кошо жашап, алардын кылган иштерин, чарбасын, каада-салттарын кошо көрүп, сурамжылап, анын негизинде илимий изилдөө иш жазылды. XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башындагы Сары-Кол өрөөнүндө жашаган кыргыздардын үй-бүлө куруу салты, кудалашуунун формалары, тойго даярдыктар, тойдун жүрүшү, колуктунун үйүндөгү той, тойдо тамак-аш тартуу каада-салттар, үрп-адаттар жана кийилүүчү кийимдер, келиндин келген жериндеги той жөрөлгөлөрү алгачкылардан болуп изилденди. Эң бийик Памир тоолорунун Сары-Кол өрөөнүндө жашаган кыргыздардын XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башындагы кудалашуунун жана никелешүү салтынын түрлөрү: «бел кудалоо», «бешик кетти», «баш байлоо»,

«кудалашып коюу» «кудалашуу» кеңири изилденип жазылды. Кудалашуу эки тараптын ата-энелеринин ортосундагы алдын ала келишим боюнча ишке ашырылгандыгы, урууллар ортосундагы саясий, социалдык-экономикалык мамиле чоң таасир тийгизгендиги жана салттуу тойдун негизги бөлүктөрү, калыңдын бычылышы, андагы жөрөлгөлөр изилденди.

Үйлөнүү той алгач колуктунун үйүндө өтүп, көптөгөн салт, үрп-адаттар менен коштолуп, никелеше турган жаштардын нике түнү колуктунун ата-энесинин үйүндө болгондугу, көптөгөн үрп-адаттар менен коштолгондугу кеңири изилденди. Кыз көчүрүү адаты көптөгөн кошоктор менен коштолгондугу, анда колуктуга айтылуучу акыл-насаат, кеңештер, эне, чоң эне, жеңелер, эже-сиңдилердин каалоо-тилектери эл оозунан сурамжыланып, кеңири анализденди. Памир кыргыздарынын үйлөнүү тоюнда дасторконго коюлуучу тамак-ашы жөнүндө маалыматтар кенен чогултулуп, тамак-аштын түрлөрүнүн жергиликтүү тилде аталышы тиркемеде толугу менен берилди. Үйлөнүү тойдо салттуу кийимдердин кийилиши, айрыкча күйөө бала тарабынан колуктунун кийимдерине өтө көңүл бурулушу, жашоо шарты, чарба жүргүзүүсү алардын материалдык маданиятына чоң таасир тийгизгендиги кеңири баяндалып, колуктунун өзгөчөлөнгөн баш кийими болгон калактын түрлөрү кеңири жазылды жана кийимдердин жергиликтүү аталыштары тиркелди. Үйлөнүү тойдун акыркы мезгили болгон келиндин барган жериндеги той жана үйлөнүү тойдон кийинки жаштар үчүн тыюу салуулар, «качуу» үрп-адаттары, үйлөнүү тоюнан кийин өткөрүлгөн үрп-адаттар, жөрөлгөлөр изилденди.

Сары-Кол өрөөнүндө жашаган кыргыздар арасында калыптанган салттык үйлөнүү үрп-адаттары ушул күнгө чейин сакталып келет. Үйлөнүү тойго даярдыктар, анын жүрүшү, колуктунун ата-энесинин үйүндөгү жана анын келген жериндеги тойдун өз ирети менен жүрүшү, алардын өзгөчөлүктөрү жана той учурундагы коюлган тамактардын берилиши, салттуу кийимдердин кийилиши, тойдон кийинки өткөрүлгөн үрп-адаттар алгачкы ирет кыргыз этнология илиминде изилденди.

**Диссертациялык иш** киришүүдөн, беш баптан, он параграфтан, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен, тамак-аштын, кийим-кечеге байланыштуу лексиканын жергиликтүү диалектидеги аталыштарынын сөздүгүнөн, автордун талаа материалынын тизмесине кирген этнографиялык иликтөө мезгилиндеги маалымат берүүчүлөрдүн тизмесинен, 300 минутадан ашык турган автордун видео этнографиялык тасмасынан, 500гө жакын этнографиялык фото материалынан жана 10дон ашык колдо тартылган сүрөттөрдөн, мамлекеттик органдарынын токтомунун көчүрмөсү жана карта камтыган тиркемелерден турат.

Жыйынтыктап айтканда, XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башындагы сары-колдук кыргыздардын үй-бүлөсүндөгү үйлөнүү той салты ошол мезгилдеги үй-бүлөлүк мамилелердин өзгөчөлүгүн гана чагылдырбастан, кандайдыр бир деңгээлде коомдук-социалдык мамилелерди

да көргөзөт. Үй-бүлөдөгү салттуу үрп-адаттуулук олуттуу туруктуулугу жана мурастуулугу менен өзгөчөлөнүп турат. Алардын үй-бүлөлүк салттуу үрп-адаттар жаатында көптөгөн өзгөчөлүктөрү бар. Сары-Кол кыргыздарынын салттуу үй-бүлөлүк үрп-адаттары абдан бай жана татаал болуп, жеке жана коомдук жашоодо орчундуу орунду ээлеген.

**Төрага:** Урматтуу кеңештин мүчөлөрү изденүүчүгө суроо бериңиздер.

**А.Р. Жоообшекова:** Памир жергесине 4 жолу экспедицияга барып, ал жерде жашап этнографиялык өзгөчө бай, оригиналдуу материалдарды топтоптурсуз. Изилдөөдө кандай методдорду колдондуңуз?

2-суроо, үйлөнүү той салтында мурдагы жөрөлгөлөрдөн азыр колдонуудан чыгып калгандары бар бекен? Салттардагы өзгөчөлүктөрү кандай?

**М.М. Ташалиева:** 2015-2018 жж аралыгында Сары-Кол өрөөнүнө 4 жолу бардым. Алдыга максат жана милдеттерди коюп талаа этнографиялык экспедицияны уюштуруп, ар бир барганда 20-30 күндөн болуп, жашап, сурамжылоо, байкоо, салыштыруу ж.б. методдорду колдондум. Ошондой эле диссертация тарыхый салыштырмалуулук, объективдүүлүк методологиянын негизинде жазылды.15 сааттан ашуун даректүү видео тасма, 500 ашуун сүрөттөр, колдо тартылган сүрөттөр бар. Видео тасманын эң негиздүү, өзөктүү жерлери алынып 45 минуталык монтаждалып кыскартылды. Андан сырткары диссертациялык иш колдо тартылган 10 сүрөт жана тиркемелер менен коштолгон.

2- суроо боюнча Сары-Колдук кыргыздардын үйлөнүү салтында мурунку азыр колдонуудан чыгып калгандары жок. Өзгөчөлүктөр бар. Мисалга Каратегиндик кыргыздар менен Мургабдык кыргыздардын үйлөнүү тойдогу каада салттары бири бирине окшобойт жана өзгөчөлөнөт.

**Ш.Ж. Батырбаева**: Сиздин диссертациянын мазмунундагы 2-бап "Изилдөөнүн методологиясы жана методдору" деп берилген, ал эми текстте "Изилдөөнүн булактары, методологиясы жана методдору'' кайсынысы туура?

1- суроом обьект менен предмет жөнүндө сүйлөп берсеңиз.

2- суроом методология жана методдордун айырмасы?

**М.М. Ташалиева:** 2-бап "Изилдөөнүн методологиясы жана методдору", ал эми текстте "Изилдөөнүн булактары, методологиясы жана методдору'' деп берилген. Эксперттердин сунушу менен бир аз өзгөртүү киргизгенбиз.

Изилдөөнүн обьектиси, XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башындагы Памир (Сары-Кол) өрөөнүндө өздөрүнүн тарыхый мекенинен обочолонуп жашаган кыргыздардын салттуу үйлөнүү тою болуп эсептелет.

Изилдөөнүн предмети, Сары-Колдогу кыргыздардын салттуу үйлөнүү тою, никелешүүнүн формалары, үйлөнүү тойго даярдыктар, колуктунун үйүндөгү тойдун жүрүшү, үйлөнүү тоюнда дасторконго коюулуучу тамак-аштар, той учурунда кийилүүчү кийимдер, келин келгенде жасалуучу жөрөлгөлөр жана тойдон кийинки үрп-адаттар.

Изилдөөнүн методологиясы тарых жана этнология илимдеринде кеңири колдонулган тарыхыйлуулук методологиясы пайдаланылды. XIX к. аягындагы XX к. башындагы үй-бүлөдөгү ар тараптуу көрүнүштөр, үйлөнүү тоюндагы көптөгөн каада-салттар жана жөрөлгөлөр ошол мезгилдеги памирлик кыргыздардын социалдык-экономикалык, тарыхый өнүгүүсүнүн деңгээли менен тикеден-тике байланыштуу каралды.

Коюлган максатка жана милдеттерге жетүүдө объективтүүлүк методологиясы колдонулуп, ишке ашырылды. Методологиянын жардамы менен памирлик кыргыздардын ушул мезгилге чейин сакталып калган үйлөнүү үлпөт салттарын калыбына келтирүүгө аракет жасалды. Ал эми метод катары этнографиялык талаа экспедициясын уюштуруп, Чыгыш Памирге барып, элдин арасында үй-бүлөлөр менен кошо жашап, ичтен байкоо жүргүзүлгөнүн айтса болот. Сары-Колдо жүздөн ашуун, негизинен орто жана улгайган адамдардан интервью алынды. Сурамжылоо, социалдык байкоо жүргүзүү, тарыхый-салыштырмалуу анализ, контент-анализ, терминологиялык анализ методдору колдонулду. Сары-Колдогу айылдардын, тоо-суулардын аталыштары, диалект терминдери максатка жетүүгө жардам берди. Үйлөнүү үлпөтүн изилдөөдө визуалдык метод да кеңири колдонулду.

**Ч.Дж. Турдалиева:** Чындыгында аябай көлөмдүү иш аткарылган. Сунуш катары чет өлкөлүк окумуштуулардын теория жана методологиясын кошумча катары диссертацияга кошсоңуз. Памирлик кыргыздардын диалект сөздөрүн өзүнчө жазсаңыз дагы да түшүнүктүү болмок. Экзогамдык нике жөнүндө эмнени айтууга болот?

**Ташалиева М.М:** Рахмат сунуштарың үчүн! Чыгыш Памир Сары-Кол өрөөнүндө жашаган кыргыздардын үйлөнүү тоюнда биз изилдеген мезгилде жана азыр деле экзогамдык нике кездешет.

**Ч.У. Койчуманова:** Сиз салыштырып көрдүңүз беле, каада-салт, үрп-адаттар бизге караганда канчалык деңгээлде сакталып калган?

**М.М. Ташалиева:** Рахмат суроонузга. Бизге караганда, Сары-Кол өрөөнүндө жашаган кыргыздардын калыптанган салттык үйлөнүү жөрөлгөлөрү, каада-салт, үрп-адат жакшы сакталган. Себеби алардын обочолонуп жашашы, социалдык абалы чоң таасирин тийгизет.

**Т.К. Чороев (Чоротегин):** Түндүк кыргыздарга салыштырмалуу ислам багыттарын үй-бүлө куруу салтында канчалык деңгээлде кармашат экен? Бул биринчи суроо. Экинчи суроо ичкилик уруусунун диалекттик тил өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтып берсеңиз.

**М.М.Ташалиева:** Сары-Кол кыргыздары ислам динин туу тутушат. Ислам шариаттарын аткарышат. Бирок үйлөнүү тойлордо исламга тиешеси жок көптөгөн жөрөлгөр бар. Үрп-адаттар той учурунда аткарылат. Ал эми 2-суроо боюнча негизинен Сары-Кол өрөөнүндө ичкилик кыргыздар жашайт. Алар тейит, найман, кыдырша, кесек ж.б. уруулардан турат. Түштүк-Батыш же болбосо ичкиликтер диалекттик тил өзгөчөлүгү боюнча Б. М. Юнусалиев жалаң ичкиликтер бөлүмүнө кирген кыргыздардын тилин айтат. Бул диалект Оштун ичкиликтер таралган райондорун (Лейлек, Баткен, Фрунзе

райондорун жана азыркы Ноокат районунун батыш жагы, башкача айтканда, ичкилик кыргыздар таралган обьектилерге туташкан багытын) жана Өзбекстан менен Тажикстандагы, Батыш Синьцзяндагы ичкиликтер таралган обьектилерди камтыйт деп баяндалат. Мунун негизги белгилери:
1) тогуз жөнөкөй үндүүнүн болушу (э тыбышы менен кошо)
2) эрин дифтонгуларынын болушу;
3) л тыбышынын кээ бир этиш сөздөрдө түшүрүлүп айтылышы ( бovойт, кevейт, богон, кеген ж. б.).

**Төрага:** Башка суроо жок болсо, эксперттик комиссиянын тыянактары менен таанышсак. Сөз эксперттик комиссиянын курамынын жетекчиси т.и.д., профессор Каратаев Олжобай Кубатбековичке берилет.

**Каратаев О.К:** Ташалиева Мукарам Мурзакуловнанын "Памир өрөөнүндөгү кыргыздардын үйлөнүү тою салты" (XIXк. аягы - XXк. башы) деген темадагы 07.00.07. этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илиминин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы темасы, максаты, изилдөө объектиси, изилдөө ыкмалары, мазмуну боюнча 07.00.07. этнография, этнология жана антропология адистигине туура келет. Эмгек Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы койгон талаптарга жооп берет. Коргоого коюлуп жаткан жоболор ынанымдуу. Айрым кемчиликтерге токтолсок алар төмөнкүлөр:

1. Диссертациялык иштин тема "Сарыкол (Мургаб) кыргыздарынын үйлөнүү салты" деп аталышы илимий негиздүү жана так болмок, "Памир өрөөнү" дегенде – Памирде 60 тан ашуун өрөөн бар;

2. Диссертациялык иштин максаты жана милдеттери толук ачылып көрсөтүлгөн эмес; иштин кыска жазылган максаты жана милдеттери диссертациянын толук жүзүн ачып бере албайт;

3. Коргоого алынып чыккан жоболорду оңдоп чыгып, андан соң кеңейтүү зарыл;

4. Диссертант жаңылыш түрдө сарыколдук кыргыздарды "этникалык кыргыздар" деп жазат. Бул аймактагы кыргыздар "этникалык" эмес, алар чөлкөмдө атам замандан бери жашап келишет. Тажиктер (анын ичинде "помирилер") кийинчерээк эле келип отурукташа баштаганын белгилөө зарыл. Ошондуктан, кол жазмадагы "этникалык кыргыздар" дегенди токтоосуз алып салуу керек;

5. "Сарыкол" топоними монгол (болжолу, калмак) тилинен келип чыгат. "Кол" (гол) "суу", "дарыя" маанисин туюнтат;

6. Диссертациялык иштин структурасын бир сыйра оңдоттуруп, тактап чыкканбыз, бирок, биздин пикирлер жана сунуштар аягына чейин эске алынган эмес;

7. Иштин корутундусунда диссертациянын негизги жыйынтыгы жана практикалык сунуштар берилген эмес;

8. Бул аймакты атайын изидеген Б.М.Жумабаевдин "Южный Кыргызстан глазами русских путешественников" (Б., 1996) аттуу

монографиясы, Э.Ж.Маанаев, О.К.Каратаевдин “Кыргыздардын этникалык өнүгүүсү” (-Б., 2001) аттуу монографиясы ж.б. сарыколдук кыргыздарга тийешелүү болгон башка эмгектер, анын ичинен мургаб кыргыздарына тийешелүү бир катар илимий макалалар колдонулган эмес;

Айтылган мүчүлүштүктөрдү диссертант коргоого чейин оңдоп чыгат деген пикирдебиз.

ИзденүүчүТашалиева Мукарам Мурзакуловнанын **“Памир өрөөнүндөгү кыргыздардын үйлөнүү тою салты” (XIXк. аягы - XXк. башы)**” деген темадагы 07.00.07 - Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илиминин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Б.Жамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтунун жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин алдындагы Д.07.21.628 диссертациялык кеңешине ачык коргоо үчүн кабыл алууну сунуштайм.

**Төрага:** Сөз диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү т.и.к. доцент Абдиева Жылдызкан Канатбековнага берилет.

***А.К. Абдиева:*** *Изилдөөчү* Ташалиева Мукарам Мурзакуловнанын “Памир өрөөнүндөгү кыргыздардын үйлөнүү тою салты” (XIXк. аягы - XXк. башы) деген темадагы диссертациясы 07.00.07. этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча аткарылган жана диссертациялык багытына туура келет. Автор Сары-Колдук кыргыздардын салттуу үйлөнүү үлпөтүн изилдөөгө алып этнографиялык жактан баалуу материалдарды илимий айлампага киргизген. Изилдөө максаты, объектиси, предмети так аныкталган. Максатка жетүү үчүн бир катар изилдөө ыкмаларын колдонгон. Коргоого алынып чыккан жоболору, тыянактары ынанымдуу көрсөтүлгөн. Автореферат диссертациянын мазмунуна шайкеш келтирилген.

Эмгек Кыргыз Республикасынын жогорку аттестациялык комиссиясынын талаптарына жооп берет. Диссертацияда айрым мүчүлүштүктөр бар:

- Диссертациялык иштин корутунду бөлүгүндө ар бир бапка берилген жыйынтыктар жана диссертациялык иштеги көтөрүлгөн проблемаларды иликтөөлөрдөн кийин негизги жыйынтыктар менен толуктоо.
- Иште айрым редакциялык кемчиликтер бар, аларды жоюу керек.
- Диссертациялык иште статистикалык, грамматикалык өксүктөр байкалат.

Арийне, жогоруда айтылган сын-пикирлер диссертациялык иштин деңгээлин төмөндөтпөйт. Ташалиева Мукарам Мурзакуловнанын “Памир өрөөнүндөгү кыргыздардын үйлөнүү тою салты” (XIXк. аягы - XXк. башы) деген темадагы 07.00.07 - Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илиминин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Б.Жамгерчинов атындагы тарых, археология жана

этнология институтунун жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин алдындагы Д.07.21.628 диссертациялык кеңешине ачык коргоо үчүн кабыл алууну сунуштайм.

**Төрага:** Сөз диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын дагы бир мүчөсү т.и.к. **Абдалиева Гүлзада Кошоевнага** берилет.

**Г.К. Абдалиева:** Кыргызстандан тышкары жашаган кыргыздардын тарыхы, материалдык жана руханий маданиятынын салттуу этностук өзгөчөлүктөрү Ата Мекенибиздин тарыхы менен ажырагыс биримдикте жана анын бир бөлүгү болуп эсептелинет. Илимий иште XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башындагы сарыколдук памирлик кыргыздардын үйлөнүү той үрп-адаты жана салт-санаалары комплекстүү изилдөөгө алынгандыгы, автор тандаган теманын *актуалдуулугунан* кабар берет. Диссертант иликтөөгө бел байлаган теманын актуалдуулугун толук негиздүү белгилеп көрсөткөн. Ошондой эле, автор аталган теманы тарыхый таризде биринчилерден болуп илимий иликтөөгө алганын баса белгилөө абзел. Бул диссертациялык изилдөөдө бир катар жаңы теориялык, илимий-практикалык жана тарыхнаамалык жыйынтыктар алынган.Изденүүчү диссертацияда ар бир жаңы алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди далилдөөгө аракет жасаган. Колдонгон изилдөө ыкмалары алдыга койгон максатка жетүүгө өбөлгө түзгөн.

***Автордун жекече салымы*** колдонулган бай талаа материалдары боюнча түзүлгөн документалдуу альбом (сүрөттөр топтому) менен Сары-Кол өрөөнүндө жашаган кыргыздар арасында калыптанган салттык үйлөнүү үрп-адаттары ушул күнгө чейин сакталып келгендигин тастыктап ачып көрсөтөт. Изденүүчү Сары-Кол өрөөнүндөгү үйлөнүү тойго даярдыктар, анын жүрүшү, колуктунун ата-энесинин үйүндөгү жана анын келген жериндеги тойдун өз ирээти менен жүрүшү, алардын өзгөчөлүктөрү жана той учурундагы коюлган тамактардын берилиши, салттуу кийимдердин кийилиши, тойдон кийинки өткөрүлгөн үрп-адаттар алгачкы ирет кыргыз этнография, этнология илиминде изилдегендигин баса белгилөөгө болот. Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынган актуалдуу маселелерди чечүүдө диссертант практикалык сунуштарды так айта алган.

**Диссертант** Ташалиева Мукарам Мурзакуловнанын "**Памир өрөөнүндөгү кыргыздардын үйлөнүү тою салты** (XIXк. аягы - XXк. башы)" аттуу илимий иликтөөсү, жетишкендиктер менен катар айрым мүчүлүштүктөргө ээ.

1. Диссертант илимий жыйынтыктарды чыгарууда жалпылап бергендигин көрүүгө болот. Изденүүчү берилген баптардын ар бир бөлүмдөрүнө илимий жыйынтыктарды ынанымдуу жана так көрсөтсө далилдүү болмок. Тескерисинче, диссертант ар бир баптын

жыйынтыктоочу бөлүгү катары кыскача гана жыйынтык чыгаруу менен аяктаган.

2. Диссертант Ташалиева Мукарам Мурзакуловнанын “Памир өрөөнүндөгү кыргыздардын үйлөнүү тою салты (XIXк. аягы - XXк. башы)” аттуу илимий ишинде Сары-Колдогу (Чыгыш Памирдеги) кыргыздарды изилдөө тарых наамасына токтолууда, советтик, постсоветтик XX кылымдагы батыш окумуштуулардын изилдөөсүн кеңири чагылдырса илимий иштин баалуулугун арттырмак.
3. Илимий иштин хронологиясы XIXк. аягы - XXк. башын өзүнө камтып тургандыктан, Памир аймагынын кыскача тарыхына токтолуп кетсе болмок. Анткени бул мезгилдеги коомдук-саясий абалдын Памир аймагындагы кыргыздарга тийгизген таасирин чагылдырылса, илимий иштин баалуулугун арттырмак.
4. Колдонулган адабияттардын биринде типографиянын аталышы бар, экинчисинде аталышы жок. Адабияттар бир кылка берилсе болмок.
5. Диссертанттын эмгегинде айрым стилистикалык каталарга да орун берилген. Мисалы, 23-б, 24-б, 55-беттерде кездешет.

Бирок бул белгиленген илимий иштеги мүчүлүштүктөр диссертациялык иштин жалпы илимий деңгээлине шек келтирбейт. Ташалиева Мукарам Мурзакуловнанын “**Памир өрөөнүндөгү кыргыздардын үйлөнүү тою салты** (XIXк. аягы - XXк. башы)” деген темада 07.00.07. - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясын Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б.Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин алдындагы Д.07.21.628 диссертациялык кеңеште ачык коргоого кабыл алууну сунуштайм.

**Төрага:** Анда урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, эксперттик комиссиянын корутундусу боюнча сурооңуздар жок болсо, анда диссертациялык кеңештин токтомун бекитүүгө өтөлү.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б.Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин алдындагы Д.07.21.628 диссертациялык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Ташалиева Мукарам Мурзакуловнанын “**Памир өрөөнүндөгү кыргыздардын үйлөнүү тою салты** (XIXк. аягы - XXк. башы)” деген темадагы кандидаттык диссертациясы боюнча диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын корутундусу бекитилсин.

2. Ташалиева Мукарам Мурзакуловнанын “**Памир өрөөнүндөгү кыргыздардын үйлөнүү тою салты** (XIXк. аягы – XX к. башы)” деген темада 07.00.07. – Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазган диссертациялык иши коргоого кабыл алынсын.

3. Коргоо 2021-жылдын 6-майында саат 15.00 дө өткөрүлсүн.

**4. Бекитилсин:**

Жетектөөчү мекеме – Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин тарых кафедрасы.

Расмий оппоненттер:

1. тарых илимдеринин доктору, профессор **Кайыпов Сулайман Турдуевич.**

2. тарых илимдеринин кандидаты, **Абдалиева Гүлзада Кошоевна.**

**5. Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынан Ташалиева Мукарам Мурзакуловнанын авторефератын басып чыгарууга уруксат берүүсү суралсын.**

Токтом диссертациялык кеңештин **12** мүчөсүнүн колдогон жобушу менен бир добуштан кабыл алынды.

**Диссертациялык кеңештин төрагасы,**
**т.и.д., проф.** **Т.К. Чороев (Чоротегин)**

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчы, т.и.к., а.и.к.** **А.З.Жапаров**